# PLITONIT ГидроЭласт 2К




12,5 кг + 4 кг

✓-20°С чейинки температурада ийкемдүүлүгүн сактайт
✓Сырткы жана ички иштер үчүн
✓0,8 мм чейинки жаракаларды жабуу мүмкүнчүлүгү
✓Жаңы куюлган бетондун үстүнөн иштөө мүмкүнчүлүгү
✓Ичүүчү суу менен тийишүүгө уруксаты бар

PLITONIT Plitonit Deutsche Qualität

ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ

## Ички жана сырткы иштер үчүн ийкемдүү эки курам бөлүктүү гидроизоляция

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

### Колдонуу чөйрөсү

Тутум бетондон, темир-бетондон, кыштан жасалган тик жана туурасынан келген түзүмдөрдү жер астындагы жана жаан-чачын сууларынын таасиринен коргоого, ошондой эле сууда колдонулган учурда конструкция аркылуу нымдуулуктун сиңишине жол бербөөгө арналган.

| Негиздин түрлөрү | Пол / Дубалдар |
|---|---|
| Бетон, темир-бетон, уюктуу блоктор, кыш, цемент негизиндеги шыбак, цемент, гипс же ар тараптуу негиздери куйма полдор | + |
| ГКЛ, ГВЛ, СМЛ, Аквапанель | + |
| ЦСП, OSB, фанера | — |
| Алсыз жана борпоң негиздер | — |
| **Колдонуу чөйрөсү** | |
| Террассалар жана балкондор | + |
| Имараттардын жер деңгээлинен төмөн жайгашкан бөлүктөрү: пайдубалдар, жер төлөлөр жана б.у.с. | + |
| Курама жана монолиттүү бассейндер, тереңдиги 80 метрге чейинки чарбалык максаттагы суу сактагычтары | + |
| **Кийинки катмарлардын түрлөрү** | **Пол / Дубалдар** |
| Плитка жана керамогранит үчүн желим | + |
| Цемент негизиндеги шыбак | + |
| Цемент, гипс же ар тараптуу негиздери куйма полдор | + |
| Кийинки жасалгалоосуз колдонуу (механикалык күч келтирүүсүз) | + |
| Боёк / түшкагаздар | — |
| Эпоксид негизиндеги куйма полдор | — |

### Негизди даярдоо

Бет чаңдан, кирден, майлардан, цемент сүтүнөн жана материалдын негизге жабышуусуна тоскоол болгон башка бөлүкчөлөрдөн тазаланышы керек. Полимердик гидроизоляцияны сыйпоодон мурун жаракаларды, чуңкурларды, көңдөйлөрдү жана башка учтуу текши эмес жерлерди шпаклевка, шыбак (штукатурка) же цемент негизиндеги ремонттук аралашма, мисалы, PLITONIT РемСостав менен толтуруп чыгуу зарыл.

Аралашманы сыйпоодон мурун негиздин бетин алдын ала нымдап алуу керек. **Капиллярдык суу сиңүүгө дуушар болгон нымдуу негиздин үстүнөн материалды колдонууга жол берилбейт** (б.а. материал шыбалгандан кийин эң аз дегенде 3 сутка бою негиз аркылуу суу чыпкаланып сыртка чыкпоого тийиш).

### Аралашманы даярдоо

**Өндүрүм кургак жана суюк курам бөлүктөрдөн турат. 1 кг кургак компонентке 0,32 литр суюк курам бөлүк талап кылынат. Толук комплектти аралаштырууда эки баштыктын ичиндегини 4 литрлик идиштеги суюктук менен аралаштыруу зарыл.**

| | |
|---|---|
| 1 | Суюк курам бөлүктү аралаштыруучу идишке (бүтүндөй комплект таңгакталган чаканы колдонууга болот) куюп, үстүнө кургак компонентти кошуу керек |
| 2 | Кургак аралашманы электр миксери же насадкасы бар электр бургу менен 2–3 мүнөт аралыгында бир тектүү масса алынганга чейин аралаштырыңыз*** |
| 3 | Аралашманы 5 мүнөт тыныктырып, андан кийин кайра аралаштырыңыз |
| 4 | Даяр аралашманы 60 мүнөттүн ичинде колдонуңуз |

*** айлануу жыштыгы 600 мүн/айл көп эмес
**КОЛ МЕНЕН АРАЛАШТЫРУУГА ЖОЛ БЕРИЛБЕЙТ!**

### Иштерди аткаруу тартиби

| | |
|---|---|
| 1 | Материалдын биринчи катмары шыбак кыл калеми (кисть) же чатыр щеткасынын жардамы менен сырдалат. |
| 2 | Гидроизоляциянын кийинки ар бир катмары мурункусу каткандан кийин кыл калем же шпателдин жардамы менен сыйпалат. Биринчи катмардын катканга кеткен убакыт 2-3 саат, кийинки ар бир катмардыкы 3-6 саат. |
| ! | Материалды кеминде 2 катмар кылып сыйпоо керек. |
| ! | Бир катмардын максималдуу калыңдыгы — 3 мм<br>Бир катмардын эң аз калыңдыгы — 1 мм |
| ! | Кийинки катмарларды сыйпоодо кайчылаш сыйпоо эрежесин сактоо зарыл: катмар менен иштөөдө аспаптын кыймыл багыты мурунку катмардын багытына кайчылаш (перпендикуляр) болушу керек |

**Жумушту «пол-дубал» кошулган жерлеринде, ошондой эле түтүктөр жана суу агуучу тешиктер менен тийишкен тилкелерде жүргүзүүдө, мисалы, чайынманы (душ) же жуунуучу бөлмөнү (ванна) гидроизоляциялоодо, чоюлчаак гидроизоляциялык тасмаларды, мисалы, PLITONIT ГидроЛентасын колдонуу сунушталат.**

### Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| **Кургак курам бөлүк үчүн** | |
| Толтургучтун эң көп өлчөмү | 0,63 мм |
| **Суюк курам бөлүк үчүн** | |
| Кургак калдык | 40%дан кем эмес |
| pH | 7-8,5 |
| Илешкектүүлүк | 10-15 секунд |
| **Колдонууга даяр болгон аралашма үчүн** | |
| Аралашманын колдонуу убактысы | 60 мүнөттөн ашырбай |
| Катмар калыңдыгы 1 мм болгондо аралашманын чыгымы | 1,4-1,5 кг/м$^2$ |
| **Каткан абалдагы аралашма үчүн** | |
| Түз басым шартында суу өткөрбөстүк маркасы | W8 кем эмес |
| Суунун тескери басымы шартында суу өткөрбөстүктүн белгиси | W4 кем эмес |
| Аралашманын негиз менен жабышуу бекемдиги | 1,0 МПа кем эмес |
| Үзүлгөндө салыштырмалуу узаруусу | 10%дан кем эмес |
| Жаракаларды жабуу калыңдыгы | 0,8 мм чейин |
| Кызмат температурасы | -20°Стан +70°Ска чейин |
| Аралашманын 3-даражага чейин катып калуу убактысы | 6 саттан ашык эмес |
| Кийинки жумуштарды жүргүзүү мүмкүнчүлүгү | 3 суткадан кийин |
| Ичүүчү суу менен тийүүсү | уруксат берилет |
| Табигый радионуклиддердин салыштырмалуу натыйжалуу активдүүлүгү | 370 Бк/кг көп эмес |

### Сыйпоо катмарларынын саны жана чыгымы

| Колдонуу чөйрөсү | Катмаларды н саны | Каптаманын жалпы калыңдыгы, мм | Сарпталуусу, кг/м$^2$ |
|---|---|---|---|
| Чайынма/жуунуучу бөлмөнүн полу | 2 | 2 | 3 |
| Террассалар жана балкондор | 2 | 2 | 3 |
| Пайдубалдар, жер төлөлөр ж.б. | 2-3 | 2-3 | 3-4,5 |
| Курама жана монолиттүү бассейндер | 3 | 3 | 4,5 |

### Жумуш аткаруунун шарттары

Жумуштарды жүргүзүүдө жана андан кийинки 3 сутка ичинде абанын температурасын +10°Стан +30°Ска чейинки чектерде кармап туруу зарыл. Иш жүргүзүп жатканда аралашманын жана негиздин температурасы – +10°Стан +30°Ска чейин болушу керек. Жумуш аткарылып жатканда үстүнкү бетти атмосфералык жаан-чачындан, түз тийген күн нурларынан жана өтмө шамалдан коргоо керек. Тоңуп калган бетке сыйпоого уруксат берилбейт.

### Көңүл буруңуз

Бир жолу сыйпоодо катмардын уруксат берилген калыңдыгынан ашып кетүү гидроизоляциялык каптаманын сырткы бетинде отурушуп калуудан пайда болгон жаракалардын пайда болушуна алып келиши мүмкүн. Жумуш аткарылып жаткан аралашманы мезгил-мезгили менен аралаштырып туруу сунушталат. Көрсөтүлгөн убакыт мүнөздөмөлөрү айлана-чөйрөнүн температурасы 20±2°С жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу 60±10% болгон шартта жарактуу болуп саналат, ал эми башка температуралык жана нымдуулук шарттарында өзгөрүшү мүмкүн. Кезектеги жасалгалоо жумуштарын бетте кемтиктердин жоктугун жана суунун чыпкаланып өтпөгөндүгүн текшергенден кийин (болжол менен үч суткадан кийин) жүргүзүү сунушталат. Кемтиктер (жаракалар, катмардын сыйрылган жерлери, суунун чыпкаланышы) аныкталса, бул тилкелерди ачып, жумушту кайрадан кайталоо керек. Гидроизоляциялык каптаманы сыйпоо жумуштарын муздак тигиштерди пайда кылбастан, үзгүлтүксүз жүргүзүү зарыл.

### Сактык чаралары

Мастика ГОСТ 12.1.007ге ылайык коопттуулуктун 4-классына көп коопту эмес заттарга) кирет.

**Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек.**

**Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салыш керек жана доктурга кайрылуу зарыл.**

**БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!**

### Курамы

Кургак курам бөлүк: кум, портландцемент, өзгөрүп турма жана гидрофобизациялоочу кошулмалар, микробулалар.
Суюк курам бөлүк: суу, латекс дисперсиясы, кошулмалар.

### Ташуу жана сактоо

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак курам бөлүк үчүн: кургак аралашмасы бар каптарды жабык, кургак жайларда сактоо керек, таңгагы бүлүнбөй, нымдашуудан корголушу талап; суюк курам бөлүк үчүн: жабык, кургак жайларда +5°Стан төмөн эмес температурада таңгактын сактала турган шарттарда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү — даярдалган күндөн тартып 12 ай.

### Өндүрүүчүнүн кепилдиктери

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманы техникалык шарттардын талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ 8.579-2001ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өнүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилет (Аэфф < 370 Бк/кг; СанПиН 2.6.1.25.23-09 «Радиациялык коопсуздук нормалары (РКН 99/2009)» боюнча материалдардын I классы).


**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru